**БЕКИТЕМИН**
**Кыргыз Республикасынын**
**ИИМдин Академиясынын начальниги**
**милициянын генерал-майору**
**Абитов Т.Т.**
**«____»______________2024-ж.**

**Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгын ишке ашыруу**
**АКТЫСЫ**

1. **Натыйжалуу ишке ашыруунун автору**: Нуриев Д. Ш.
2. **Илимий изилдөө иштин аталышы:** 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн «Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар: теориялык, тарыхый жана эл аралык укуктук аспекттер» темасындагы диссертациялык изилдөө.

Кыскача аннотация: Изилдөө тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштардын теориялык, тарыхый жана эл аралык укуктук аспекттерин изилдөөгө арналган алгачкы монографиялык эмгектердин бири болуп саналат. Иштин илимий максаты тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуунун көп баскычтуу тутумунун концептуалдык негиздерин калыптандыруудан турат.

Акыркы жылдардагы дүйнөнүн кээбир бурчтарында орун алып келе жаткан согуштардын жана куралдуу чыр-чатактардын санынын өсүшү менен байланышкан окуялар, геосаясий архитектуранын бир полярдыкдыктан биполярдык тутумга өзгөрүшү, тынчтыктын жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылууда, азыркы учурда калыптанып калган парадигмасын кайра карап чыгуунун чукул зарылчылыгын жаратууда. Саясий дүйнө түзүмүндө көрсөтүлгөн тенденциялардын натыйжасында азыркы мезгилде айрым өлкөлөрдүн, аскердик блоктордун, мамлекеттердин коалицияларынын жана союздарынын согуштук потенциалы активдүү өсүүдө жана алардын илимий-техникалык жактан жаңы баскычтарга өтүүсү, эларалык-укуктук жөнгө салуу маселесине тиешелүү талаптарды жаңыча өңүттө арттырууда.

**Ишке ашыруунун эффективдүүлүгү**: 1) теоретикалык-изилдөө ишмердүүлүгүндө тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуу тутумунун ар кандай теоретикалык - методологиялык түзүмдөрүн изилдөөдө, ошондой эле заманбап коркунучтарды эске алуу менен бирге анын перспективдүү өнүгүүсү; 2) укук иштеп чыгуу ишмердүүлүгүндө - изилденип жаткан чөйрөнү укуктук жөнгө салуунун концептуалдык негиздерин белгилөө; 3) автор тарабынан иштелип чыккан практикалык ишмердүүлүктө: тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуу тутумун курууда теоретикалык-методологиялык

жана уюштуруу-технологиялык параметрлер колдонулушу мүмкүн: а) изилдөөчүлөр жана аналитикалык кызматкерлер тарабынан; б) тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштарга каршы аракеттенүү тутумун уюштурууда эл аралык мамилелердин субъекттери тарабынан; в) улуттук жана эл аралык сот адилеттүүлүгүнүн максаттары үчүн; тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуу тутумун уюштуруунун типтүү алгоритми башкаруу субъекттерине тышкы чөйрөнүн жогорку белгисиздик шарттарында тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуу тутумун уюштуруу маселелерин чечүүгө мүмкүндүк берет (геосаясий процесстер; эл аралык мамилелердин субъекттеринин ишмердүүлүгү (аскердик, дипломатиялык); экологиялык техногендик жана/же антропогендик мүнөздөгү башка факторлор; 4) ар кандай окуу материалдарын, окуу куралдарын, тынчтыктын жана адамзаттын коопсуздугунун укугу боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда, ошондой эле тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштарга каршы аракеттенүүнү камтыган маселелеринде.

**Ишке ашыруунун орду жана убактысы**: Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын ИИМдин Э.А.Алиев атындагы Академиясынын окуу процессине киргизилди.

**Кийирүү формасы**: Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча диссертациянын жеке сунуштары Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын мамлекеттик укуктук сабактар кафедрасынын окуу иш программасына киргизилди.

**Комиссиянын төрагасы:**
Кыргыз Республикасынын ИИМдин
Академиясынын Окуу-инспекциялык башкармалыгынын
начальнигинин орун басары, милициянын полковниги Б. Джамангулов

**Комиссиянын мүчөлөрү:**
Кыргыз Республикасынын ИИМдин
Академиясынын мамлекеттик укуктук сабактар кафедрасынын
начальниги, юридика илимдеринин кандидаты, доцент
милициянын полковниги Д. Момбекова

Кыргыз Республикасынын ИИМдин
Академиясынын илимий иштерди уюштуруу бөлүмүнүн
начальниги юридика илимдеринин доктору, профессор
милициянын полковниги А. Адамбекова

«___» ____________ 2024-ж.

Колдорду тастыктайм

Колун тастыктайм:
Кыргыз Республикасынын ИИМдин
Академиясынын Катчылыгы